3-тиркеме

# Кыргыз Республикасынын "Менин үйүм 2021-2026" турак жай программасынын катышуучуларын тандоо ТАРТИБИ

*(КР Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 14-апрелиндеги № 217 токтомунун редакциясына ылайык)*

## 1-глава. Жалпы жоболор

1. Ушул Кыргыз Республикасынын "Менин үйүм 2021-2026" турак жай программасынын катышуучуларын тандоо тартиби (мындан ары - Тартип) тандоо критерийлерин, катышуучуларды түзүү жана тандоо тартибин белгилейт, ипотекалык кредиттерди, бар болгон турак жайды капиталдык оңдоого кредит берүүнүн шарттарын, кийин сатып алуу менен турак жайды ижарага берүүнүн, бар болгон турак жайды кеңейтүүнүн шарттарын, ошондой эле Кыргыз Республикасынын "Менин үйүм 2021-2026" турак жай программасын (мындан ары - Программа) ишке ашыруунун алкагында сатып алынуучу турак жайга карата талаптарды аныктайт.

2. Ушул Тартипте төмөнкүдөй негизги түшүнүктөр колдонулат:

1) **Программанын катышуучусу** - ушул Тартиптин тандоо критерийлерине жооп берген жана Программага катышкан Кыргыз Республикасынын жараны;

2) **тандоо критерийлери** - ушул Тартипте белгиленген, Программага катышуу үчүн жарандарга карата талаптар;

3) **турак жай (турак үй)** - ушул Тандоо тартибинин критерийлерине жооп берген турак жай фондунун өзүнчө бирдиги (жеке турак үй, жеке турак үйдүн бөлүгү, көп батирлүү үйдөгү батир, курулуп жаткан көп батирлүү үйдөгү батир);

4) **"Мамлекеттик ипотекалык компания" ачык акционердик коому (мындан ары - МИК)** - турак жайга ипотекалык кредит берүү чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу орган, ачык акционердик коом формасында түзүлгөн юридикалык жак, анын иш предметтеринин бири болуп Программаны ишке ашыруу саналат;

5) **Кызматташуу жөнүндө макулдашуу** - Программаны ишке ашыруунун алкагында Программанын катышуучуларына турак жайды сатып алууга, курууга жана бар болгон турак жайды капиталдык оңдоого ипотекалык кредиттерди кайра каржылоого же каржылоого өнөктөш банктарга инвестициялык акча каражаттарын берүүгө карата өнөктөш банк менен МИКтин ортосунда түзүлгөн кызматташуу жөнүндө Башкы макулдашуу. Ошондой эле Кызматташуу жөнүндө макулдашууда ипотекалык кредиттер боюнча талаптарды МИКтин пайдасына өткөрүп берүү укугу каралган;

6) **өнөктөш банк** - катышуучуларга ипотекалык кредиттерди каржылоого жана кайра каржылоого инвестициялык акча каражаттарын берүү жана ипотекалык кредиттер боюнча талаптарды МИКтин пайдасына өткөрүп берүү боюнча МИК менен кызматташуу жөнүндө Башкы макулдашууну түзгөн финансы-кредиттик мекеме;

7) **эмгек стажы** - уюмда иштеген жылдары же ишкердикти/экономикалык ишти жүргүзгөн мезгили;

8) **төлөө жөндөмдүүлүгү** - Программанын катышуучусунун кредиттик келишимди же кийин сатып алуу менен ижара келишимин түзүүдөн келип чыккан финансылык милдеттенмелерди өз учурунда жана толугу менен аткаруу жөндөмдүүлүгү.

*(КР Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 14-апрелиндеги № 217 токтомунун редакциясына ылайык)*

## 2-глава. "Жеңилдетилген ипотека" жана "Арзан ипотека" багыттары боюнча программанын катышуучуларын тандоо критерийлери

3. Турак жайды сатып алуу же куруу, ошондой эле кийин сатып алуу менен ижарага алуу үчүн катышуучуларга коюлуучу талаптар:

1) ипотекалык кредитти жабуунун же ижара төлөмүнүн пландуу графиктерине ылайык алган учурда жаш курагы 21 жаштан жогору жана ипотекалык кредиттин же ижара төлөмүнүн акыркы суммасын жабуу учурунда жашы 70 чейин;

2) жалпы эмгек стажы 2 (эки) жылдан кем эмес же ушул уюмда бир жылдан кем эмес иш стажы болгондо;

3) катышуучуда, катышуучунун күйөөсүндө (аялында) жана катышуучунун жашы жете элек балдарында Кыргыз Республикасынын аймагында жеке турак жайынын жоктугу;

4) катышуучуда, катышуучунун күйөөсүндө (аялында) жана катышуучунун жашы жете элек балдарында Программага катышууга арыз берген күнгө чейинки акыркы 3 (үч) жылдын ичинде Кыргыз Республикасынын бардык аймагында турак жайга байланыштуу кандайдыр бир жарандык-укуктук бүтүмдөрдүн жоктугу;

5) катышуучунун төлөө жөндөмдүүлүгү.

*(КР Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 14-апрелиндеги № 217 токтомунун редакциясына ылайык)*

4. Арыз берилген күнгө чейин акыркы 3 (үч) жылдын ичинде Кыргыз Республикасынын бардык аймагында кандайдыр бир жарандык-укуктук бүтүмдөрү болбогон шартта Кыргыз Республикасынын жарандарына өздөрүнүн, жубайынын жана жашы жете элек балдарынын турак жайда 20 кв.м көп эмес үлүшү болгон учурда Программага катышууга жол берилет. "Жеңилдетилген ипотека" багытынын алкагында калктын социалдык жактан корголбогон категорияларына ушул Тартиптин тандоо критерийлерин эске албастан МИК тарабынан менчик турак жай фондунан жеңилдетилген шарттарда турак жай берилет.

*(КР Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 14-апрелиндеги № 217 токтомунун редакциясына ылайык)*

5. Контракттык турак жай аманаттары механизмдеринин жана менчик турак жайды капиталдык оңдоонун алкагында жеке турак жайы болгон Кыргыз Республикасынын жарандары Программага катыша алышат. Ошондой эле өзүнүн турак жайын кеңейтүү механизминин алкагында менчигинде турак жайы бар Кыргыз Республикасынын жарандары Программага катыша алышат. Өзүнүн турак жайын кеңейтүү механизминин негизинде тандоо критерийлери Программаны ишке ашыруу үчүн инвестициялык каражаттарды берген донорлор/инвесторлор менен түзүлгөн өкмөттөр аралык жана башка макулдашуулардын шарттарына ылайык иштелип чыгат.

6. "Жеңилдетилген ипотека" багыты боюнча ипотекалык кредиттер жана ижарага берилген турак жай мамлекеттик органдарда, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында жана алардын ведомстволук уюмдарында жана ишканаларында, мамлекеттик жана муниципалдык билим берүү уюмдарында, саламаттык сактоонун мамлекеттик жана муниципалдык уюмдарында жана мамлекеттик телерадио уюмдарында иштеген жарандарга жеткиликтүү болот.

7. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 17-августундагы № 276-б буйругу менен түзүлгөн Мамлекеттик турак жай саясатынын ишке ашырылышына мониторинг жүргүзүү боюнча координациялык кеңештин (мындан ары - Координациялык кеңеш) чечими менен "Жеңилдетилген ипотека" багытына жарандардын кошумча категориялары киргизилиши мүмкүн. Координациялык кеңеш жарандардын социалдык жактан корголбогон категорияларына жеңилдетилген шарттарда турак жайды берүү тартибин аныктайт. Ошондой эле жарандардын социалдык жактан корголбогон категорияларын колдоо чөйрөсүндө мамлекеттик саясатты ишке ашырган аткаруу бийлигинин мамлекеттик органы түзгөн калктын социалдык жактан корголбогон категорияларынын тизмесин бекитет.

"Арзан ипотека" багыты боюнча ипотекалык кредиттер жана ижаралык турак жай Кыргыз Республикасынын бардык жарандары үчүн ушул Тартиптин негизги талаптарына жана тандоо механизмдерине жооп берген шарттарда, Программаны ишке ашырууга инвестициялык каражаттарды берген донорлор/инвесторлор менен түзүлгөн өкмөттөр аралык жана башка макулдашууларга ылайык кошумча шарттарда жеткиликтүү болот. Тартылган бюджеттен тышкаркы инвестициялык каражаттардын эсебинен "Арзан ипотека" багыты боюнча менчигинде турак жайы бар болгон жарандарга Программага катышууга уруксат берилет. Турак жайы бар жарандар үчүн турак жайды каржылоо механизми бюджеттен тышкаркы инвестициялык каражаттарды берүү шарттарын эске алуу менен иштелип чыгат.

*(КР Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 14-апрелиндеги № 217 токтомунун редакциясына ылайык)*

8. Программага катышууга биринчи кезекте укук төмөнкүлөргө берилет:

1) 5 же андан көп баласы бар көп балалуу үй-бүлөлөргө;

2) ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген балдарды тарбиялап жаткан адамдарга, ошондой эле ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдардын камкорчуларына;

3) жашы жете элек баланы/балдарды ата-эненин бири гана тарбиялаган толук эмес үй-бүлөлөргө;

4) республиканын бийик тоолуу, алыскы барууга кыйын зоналарында жана чек арага чектеш райондорунда оор, жагымсыз жаратылыш-климаттык шарттарында жашаган жана иштеген жаш адистерге (врачтарга, мугалимдерге, социалдык кызматкерлерге).

## 3-глава. Катышуучулардын тизмесин түзүү жана аларды тандоо

9. Программанын катышуучуларынын тизмелерин түзүүнүн ачык айкындыгын камсыздоо максатында, МИК автоматташтырылган маалымат системасы аркылуу Программага катышуу үчүн өтүнмөлөрдү берүүнүн электрондук формасын киргизет.

10. Жарандар Программага катышуу үчүн өтүнмөнү электрондук формада МИКтин расмий веб-сайтында каттоо жолу менен, ошондой эле электрондук мамлекеттик жана муниципалдык кызматтарды берүү платформалары аркылуу беришет.

11. Өтүнмөнү электрондук формада өз алдынча берүү мүмкүндүгү болбогон учурда жарандар МИКтин веб-сайтындагы автоматташтырылган маалымат системасы аркылуу өтүнмөнү электрондук формада берүү үчүн шаарлардын мэрияларына (Бишкек шаарынын мэриясын кошпогондо), административдик райондор боюнча Бишкек шаарынын мэриясынын муниципалдык администрацияларына, жергиликтүү мамлекеттик администрацияларга жана МИКтин өнөктөш-банктарына кайрыла алышат.

12. Автоматташтырылган маалымат системасын колдонуу менен МИКтин веб-сайтында иштөө үчүн шаарлардын мэрияларынын (Бишкек шаарынын мэриясын кошпогондо), административдик райондор боюнча Бишкек шаарынын мэриясынын муниципалдык администрацияларынын, жергиликтүү мамлекеттик администрациялардын жана МИКтин өнөктөш банктарынын ыйгарым укуктуу кызмат адамдары МИКтин веб-сайтындагы автоматташтырылган маалымат системасында авторизациялоодон өтөт.

13. Жарандар кайрылганда шаарлардын мэрияларынын (Бишкек шаарынын мэриясын кошпогондо), административдик райондор боюнча Бишкек шаарынын мэриясынын муниципалдык администрацияларынын, жергиликтүү мамлекеттик администрациялардын жана МИКтин өнөктөш банктарынын ыйгарым укуктуу кызмат адамдары:

1) жарандарды веб-сайтта каттайт;

2) МИКтин веб-сайтында катталган жарандарды идентификациялоо жол-жобосун өткөрөт;

3) ушул Тартиптин тиркемесине ылайык форма боюнча жеке маалыматтарды иштетүүгө жарандан жана анын күйөөсүнөн/аялынан жазуу жүзүндө макулдугун алат;

4) Программага катышууга акыркы электрондук өтүнмөнү түзөт.

МИКтин веб-сайтына катталган жарандар Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 31-декабрындагы № 748 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Бирдиктүү идентификациялоо системасы жөнүндө жобого ылайык Бирдиктүү идентификациялоо системасы - БИС аркылуу, ошондой эле жеке маалыматтарды иштетүүгө макулдук берүү мүмкүнчүлүгү болгон электрондук мамлекеттик жана муниципалдык кызматтарды көрсөткөн платформалар аркылуу идентификациялоо жол-жобосунан өтө алышат.

14. Шаарлардын мэриялары (Бишкек жана Ош шаарларынын мэрияларын кошпогондо), жергиликтүү мамлекеттик администрациялар жана МИКтин өнөктөш банктары жеке маалыматтарды иштетүүгө жарандын жана күйөөсүнүн/аялынын жазуу жүзүндөгү макулдугунун түп нускаларын жалпылат жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин облустардагы ыйгарым укуктуу өкүлдөрүнүн аппараттарына жөнөтөт. Бишкек шаарынын мэриясынын административдик район боюнча муниципалдык администрациялары жеке маалыматтарды иштетүү үчүн жарандын жана күйөөсүнүн/аялынын жазуу жүзүндөгү макулдугунун түп нускаларын жалпылат жана Бишкек шаарынын мэриясына, ал эми МИКтин өнөктөш банктары - банктын башкы офисине жөнөтөт. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин облустардагы ыйгарым укуктуу өкүлдөрү, Бишкек жана Ош шаарларынын мэриялары жана МИКтин өнөктөш банктары жеке маалыматтарын иштетүү үчүн жарандардын жана күйөөсүнүн/аялынын жазуу жүзүндөгү макулдугунун түп нускаларын МИКке ар бир айдын 30уна чейинки мөөнөттө жиберип турушат.

15. Программага катышууга электрондук өтүнмөнү жана жарандардын жеке маалыматтарды иштетүүгө макулдугунун түп нускаларын алгандан кийин МИК ведомстволор аралык электрондук аракеттенүү системасы аркылуу ушул Тандоо тартибинин тандоо критерийлерине шайкеш келишин текшерүү үчүн Программанын катышуучусу жана алардын күйөөсү/аялы тууралуу керектүү маалыматты мамлекеттик органдардан суратып алат.

16. МИК тарабынан Программанын тандоо критерийлерине шайкештигин текшерүүнүн жыйынтыгы боюнча МИКтин автоматташтырылган маалымат системасында Программага катышуучулардын электрондук тизмесин түзөт.

17. Өнөктөш банктар МИКтин автоматташтырылган маалымат системасында катышуучулардын электрондук тизмесин карап чыгып, катышуучунун төлөө жөндөмдүүлүгүн талдоодон кийин ипотека кредитин берүү же ипотека кредитин берүүдөн баш тартуу жөнүндө чечим кабыл алышат. МИК автоматташтырылган маалымат системасында Программага катышуучулардын электрондук тизмелерин карап чыгат жана катышуучунун төлөө жөндөмдүүлүгүн талдап, кийин сатып алуу менен турак жайды ижарага берүү жөнүндө чечимин кабыл алат.

## 4-глава. Ипотекалык кредит берүүнүн шарттары

| № | Ипотекалык кредит берүүнүн параметрлери | Эскертүү |
|---|---|---|
| 1 | Программанын катышуучусу (максаттык топ) | Тандоо критерийлерине туура келген жарандар |
| 2 | Ипотекалык кредиттин максаттык багыты | Турак жай сатып алуу, анда жашоо милдеттүү шарт болуп саналат.<br>Этабы менен каржылоо механизмдерин пайдалануу аркылуу жашаган жери боюнча калктуу конуштагы жер участогу бар болсо, турак жай (жеке турак жай) куруу |
| 3 | Ипотекалык кредит берүүнүн формасы | Катышуучунун өнөктөш банктагы банктык эсебине акча каражаттарын чегерүү аркылуу накталай эмес формада |
| 4 | Ипотекалык кредит берүүнүн мөөнөттөрү | Өнөктөш банк тарабынан катышуучуга ипотекалык кредит берүү жөнүндө чечим кабыл алынган учурдан тартып 15 күнгө чейинки мөөнөттө |
| 5 | Ипотекалык кредиттин валютасы | Кыргыз сому |
| 6 | Ипотекалык кредиттин суммасы | Ипотекалык кредит берүүнүн "Арзан ипотека" багыты боюнча: |

| | | |
|---|---|---|
| | | 5000000 (беш миллион) сомго чейин |
| | | Ипотекалык кредит берүүнүн "Жеңилдетилген ипотека" багыты боюнча:<br>4000000 (төрт миллион) сомго чейин |
| 7 | Ипотекалык кредиттин мөөнөтү | "Мамлекеттик ипотекалык турак жай насыясы жөнүндө" Кыргыз Республикасынын 2017-жылдын 4-майындагы № 73 Мыйзамына ылайык белгиленет |
| 8 | Катышуучунун төлөө жөндөмдүүлүгү | Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын ченемдик укуктук актыларынын жана өнөктөш банктын ички ченемдик актыларынын талаптарына ылайык аныкталат |
| 9 | Ипотекалык кредиттин суммасын аныктоонун критерийлери | Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын ченемдик укуктук актыларынын жана өнөктөш банктын ички ченемдик актыларынын талаптарына ылайык |
| 10 | Комиссиянын түрлөрү жана өлчөмү | Ипотекалык кредитти жана башка кошумча жыйымдарды башкаруу үчүн ар кандай комиссиялар алынбайт |
| 11 | Катышуучунун чыгымдары | Ипотекалык кредит алуу үчүн күрөө келишимин тариздөөгө жана каттоого, ошондой эле турак жайды камсыздандыруу жана кредиттик таржымалы жөнүндө маалымат алууга сурамдар боюнча кеткен чыгымдар |
| 12 | Турак жайды камсыздандыруу | Ипотекалык кредиттин предмети болгон турак жай "Турак жайды өрттөн жана табигый кырсыктардан милдеттүү камсыздандыруу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык "Мамлекеттик камсыздандыруу уюму" ААКында жыл сайын милдеттүү камсыздандырылууга тийиш. Мында камсыздандыруу суммасы ипотека менен камсыздалган талаптын өлчөмүнөн (суммасынан) кем болбошу керек |
| 13 | Ипотекалык кредитти төлөөнүн тартиби | Ипотекалык кредитти жана пайыздарды төлөө кол коюлган кредиттик келишимге ылайык ай сайын жүргүзүлөт |
| 14 | Ипотекалык кредитти толугу менен же жарым-жартылай мөөнөтүнөн эрте төлөөнүн шарттары | Толугу менен же жарым-жартылай мөөнөтүнөн эрте төлөнгөн учурда комиссия кармалбайт |
| 15 | Ипотекалык кредитти реструктуризациялоонун шарттары | Жол-жоболор өнөктөш банктын ички талаптарына ылайык болот. Ипотекалык кредиттин предметин алмаштырууга уруксат берилбейт.<br>Ипотекалык кредитти реструктуризациялоо үчүн комиссия алынбайт |
| 16 | Ипотекалык кредит боюнча баштапкы төгүм (жеке салымы) жана пайыздык ставкалар | Жеңилдетилген мамлекеттик ипотекалык кредит боюнча пайыздык ставка Кыргыз Республикасынын өзүнчө ченемдик укуктук актысы менен турак жайдын наркынан 10%дан кем эмес болуп белгиленет. Катышуучунун жеке салымы жок болсо, өнөктөш банктын ыктыяры боюнча кошумча күрөө коюуга болот |
| 17 | Ипотекалык кредитти камсыз кылуу | Ипотекалык кредитке сатып алынуучу турак жай.<br>Курулуш мезгилиндеги жер участогу жана курулуш аяктагандан кийин жеке турак үй.<br>Курулуш мезгилинде үлүштүк курулуш келишиминин шарттарында курулуп жаткан турак жайга мүлктүк укук жана курулуш аяктагандан кийин турак жай |

| | | |
|---|---|---|
| 18 | Ипотекалык кредиттин катышуучуларына мониторинг жүргүзүү | МИК ипотекалык кредиттин максаттуу пайдаланылышына, ошондой эле күрөөлүк камсыздоонун абалына жана өнөктөш банктардын Кызматташуу жөнүндө макулдашуулары боюнча милдеттенмелердин аткарылышына текшерүү жүргүзөт |

*(КР Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 14-апрелиндеги № 217 токтомунун редакциясына ылайык)*

## 5-глава. Кийин сатып алуу менен турак жайды ижарага берүүнүн шарттары

| № | Параметрлер | Эскертүү |
|---|---|---|
| 1 | Программанын катышуучусу (максаттык топ) | Тандоо критерийлерине туура келген жарандар |
| 2 | Максаттуу багыты | МИКтин турак жай фондунан кийин сатып алуу менен турак жайды ижарага берүү |
| 3 | Ижара предмети | МИКтин турак жай фондундагы даяр турак жай |
| 4 | Ижара мөөнөтү | Ижаранын минималдуу мөөнөтү - 5 (беш) жылдан кем эмес.<br>Ижаранын максималдуу мөөнөтү - 25 (жыйырма беш) жылдан көп эмес (каржылоо булактарына жараша) |
| 5 | Валюта | Кыргыз сому |
| 6 | Төлөө графигине ылайык сумманы толук төлөгөнгө чейин менчик укугу | МИК |
| 7 | Менчик укугунун ижарачыга өтүү мөөнөтү | Төлөө мөөнөтү бүткөндө же турак жайдын толук наркы мөөнөтүнөн мурда төлөнгөн учурда. Ижара объектин ижарачынын жеке менчигине тариздөө мөөнөтү ижара келишиминин тиркемесине (төлөө графиги) ылайык акыркы сумма төлөнгөндөн кийин 30 (отуз) жумуш күндүн ичинде |
| 8 | Ижара төлөмүнүн суммасы | Эсептөөлөр турак жайдын 1 (бир) чарчы метринен алынат.<br>(Эсептөө методикасында коммуналдык кызмат көрсөтүүлөрдөн жана ижара объектин талаптагыдай абалда кармоо үчүн чыгымдардан тышкары, батирдин наркынын бөлүгүнөн, ижара наркынан, ижара объектин камсыздандыруудан турат) |
| 9 | Комиссиялардын түрлөрү жана өлчөмү | Башкаруу үчүн кандайдыр бир комиссиялык жыйымдар жок. Ай сайын ижара төлөмдөрүн кабыл алуу үчүн комиссия өнөктөш банктын тарифтерине ылайык болот |
| 10 | Ижара акысы жана баштапкы төгүм (өздүк салым) | Ижара акысынын бирдиктүү наркы жана баштапкы төлөмдүн өлчөмү МИКтин өзүнчө чечими менен курулуштун жана даяр турак жайды сатып алуунун наркын эске алуу менен белгиленет. Жарандардын социалдык жактан корголбогон категориялары үчүн жеңилдетилген шарттар каралат |
| 11 | Ижарага турак жай берүү боюнча шарттарды өзгөртүү | Бир айлык төлөмдөн кем болбогон өлчөмдө сумма берилген шартта (ижарачынын каалоосу менен) ижарадагы турак жайды сатып алуу мөөнөтүн кыскартууну эсепке алуу менен учурдагы график боюнча келечектеги төлөмдөрдүн эсебине ижара акысын төлөөгө жол берилет.<br>Графикке ылайык ижаралык төлөмдөрдүн суммасынын |

| | | |
|---|---|---|
| | | толук калдыгын төлөө аркылуу бүтүм түзүлгөн учурдан тартып ижарадагы турак жайды мөөнөтүнөн мурда сатып алууга жол берилет |
| 12 | Камсыздандыруу | "Турак жайды өрттөн жана табигый кырсыктардан милдеттүү камсыздандыруу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык ижарадагы объекттерди милдеттүү түрдө жыл сайын камсыздандыруу |
| 13 | Катышуучуларга мониторинг жүргүзүү | Ижара келишиминин шарттарына ылайык МИК ижарага берилген объекттин максаттуу пайдаланылышын жана тийиштүү түрдө күтүлүшүн текшерет |
| 14 | Катышуучунун, катышуучунун күйөөсүнүн (аялынын) жана кепилдик берүүчүнүн/гаранттын кредиттик таржымалы | Арыз берген учурга чейин 3 (үч) жыл ичинде терс кредиттик таржымалдын жоктугу, атап айтканда:<br>- мөөнөтүндө төлөнбөгөн милдеттенмелердин жоктугу;<br>- сот тарабынан карыздардын суммасын өндүрүп алуу жөнүндө чечим чыгаруу, ошондой эле кредиторлордун пайдасына мүлккө камак салуу учурларынын жоктугу |
| 15 | "Ижаралык турак жай" механизминин алкагында Программага катышуу | Программага катышуучу, ошондой эле катышуучунун аялы (күйөөсү) "Ижаралык турак жай" механизминин алкагында турак жай менен бир жолу гана камсыз кылынат |
| 16 | Кепилдик берүүчүгө/гарантка коюлуучу талаптар | Эгерде Программанын катышуучусу катталган никеде турган болсо, анда анын күйөөсү/аялы милдеттүү түрдө туруктуу кирешеси бар же жоктугуна карабастан, катышуучу жана кепилдик берүүчү болуп калат |

Кыргыз Республикасынын
"Менин үйүм 2021-2026" турак
жай программасынын
катышуучуларын тандоо
тартибине
тиркеме

Форма

## Жеке маалыматтар субъектинин өзүнүн жеке маалыматтарын чогултууга, иштетүүгө жана берүүгө МАКУЛДУГУ

Мен,

______________________________________________________________________________

(аты-жөнү)

Кыргыз Республикасында берилген ИЖН:

______________________________________________________________________________

Ким экендигин ырастаган документ:

___________________________________________________

(документтин түрү)

Серия ______________ № __________________

______________________________________________________________________________

берилген

(берилген күнү, берген органдын аталышы)

Иш жүзүндө жашаган дареги:

________________________________________________________________________________________

Катталган жеринин дареги:

________________________________________________________________________________________

Байланыш телефону: ________________________________________

Электрондук почтасы: ______________________________________________

Бишкек ш., Токтогул көчөсү, № 228 дарегинде жайгашкан "Мамлекеттик ипотекалык компания" ачык акционердик коомуна операциялардын төмөнкүдөй түрлөрүн жасоого эркин, аң-сезимдүү түрдө, өз эрким менен макулдук берем:

- Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине караштуу Мамлекеттик каттоо кызматынан, Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо жана социалдык өнүктүрүү министрлигинин Социалдык фондунан, Кыргыз Республикасынын Экономика жана финансы министрлигине караштуу Мамлекеттик салык кызматынан менин жана жашы жете элек үй-бүлө мүчөлөрүмдүн жеке маалыматтарын сурап алууга;

- менин жана жашы жете элек үй-бүлө мүчөлөрүмдүн жеке маалыматтарын иштетүүгө (аткаруу ыкмасына карабастан, жеке маалыматтардын кармоочусу (ээси) тарабынан, же болбосо анын тапшырмасы менен жеке маалыматтарды топтоо, жазуу, сактоо, актуалдаштыруу, топтоштуруу, бөгөт коюу, өчүрүү жана бузуу максатында автоматтык каражаттар менен же аларсыз аткарылуучу ар кандай операция же операциялардын топтому);

- жеке маалыматтарды берүүгө (жеке маалыматтардын кармоочусу (ээси) тарабынан "Жеке мүнөздөгү маалымат жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына жана эл аралык келишимдерге ылайык жеке маалыматтарды үчүнчү жактарга берүүгө;

- жеке маалыматтарды чек аралар аралык берүүгө (жеке маалыматтардын кармоочусу (ээси) тарабынан башка мамлекеттердин юрисдикциясында турган жеке маалыматтардын кармоочуларына берүүсүнө).

Үй-бүлөмдүн жашы жете элек мүчөлөрү (аты-жөнү):

1. ______________________________________________________________________

2. ______________________________________________________________________

3. ______________________________________________________________________

4. ______________________________________________________________________

5. ______________________________________________________________________

Жогоруда аталган жеке маалыматтарды мамлекеттик турак жай программасына катышуу үчүн иштетүү максатында берем.

Адамдын ким экенин идентификациялоонун автоматташтырылган электрондук системасы аркылуу суроо-талаптар боюнча чыгымдарды төлөөгө, ошондой эле система каттоого кабыл албаган учурда өткөрүлгөн суроо-талаптар боюнча чыгымдарды төлөөгө милдеттенемин.

Ошондой эле төмөнкүлөрдү ырастайм:

1) "Жеке мүнөздөгү маалымат жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын жоболору жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 21-ноябрындагы № 759 токтому менен бекитилген Жеке маалыматтар субъектисинин жеке маалыматтарын чогултууга жана иштетүүгө анын макулдугун алуу тартиби, алардын жеке маалыматтарын үчүнчү тарапка берүү жөнүндө жеке маалыматтар субъекттерине билдирүү тартиби жана формасы менен таанышканымды;

2) жеке маалыматтарды иштетүүгө макулдугум ушул макулдукка кол коюлган күндөн тартып мамлекеттик турак жай программасына катышуу менин арызым/кайрылуум каралган бардык мөөнөттүн аралыгында күчүндө боло тургандыгы менен таанышканымды;

3) жеке маалыматтарды иштетүүгө макулдукту эркин формада жазуу жүзүндөгү арыздын негизинде кайрадан сурап алууга боло тургандыгы менен таанышканымды;

4) жеке маалыматтарды иштетүүгө макулдук кайрадан сурап алынган учурда "Жеке мүнөздөгү маалымат жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 5 жана 15-беренелерине ылайык менин жеке маалыматтарымды иштетүүнү толук же жарым-жартылай улантууга боло тургандыгы менен таанышканымды;

5) берилген документтер жана көрсөтүлгөн маалыматтар анык экендиги, турак жайга кредит берүү программасынын катышуучуларын тандоо критерийлери, ошондой эле ипотекалык кредит берүүнүн шарттары жана турак жайга коюлган талаптар менен таанышканымды.

Жеке маалыматтарды коргоо чөйрөсүндө укуктар жана милдеттер тууралуу мага түшүндүрүлдү.

20__-жылдын "__" ___________ ________________________________________

(аты-жөнү)

___________________________

(колу)

Тапшырылган документтердин аныктыгын ырастайм жана туура толтурулгандыгын текшердим.

___________________________ ________________________________________

(колу) (ыйгарым укуктуу жактын аты-жөнү)